# Й тамгасы




Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Й тамгасы

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Й тамгасы", "Көйкөл", "Йогурт ", "Сары май " (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



# Көйкөл




Бул – Көйкөл.



Булар – Көйкөлдүн ата-энеси. Бөбөгү Айкөл.
Агасы Айбек.



Көйкөл менен Айбек койлорду тосту. Көйкөлдүн көйнөгүнө көпөлөк конду. Көйкөл кубанды.



Көйкөл асманды карады. Булуттар көрүндү. Чагылган чарт этти. Алар добулда калды. Көйкөл коркуп кетти. Ыйлады. Айбек анын колунан кармады.



– Көйкөл, ыйлаба!

Көйкөл ыйлабай калды.

Көйкөл койлорду көрдү. Койлорду айдаган атасы да бар тура! Көйкөл кубанып кетти.

– Ата! Ата! Мен коркуп кеттим!



– Коркпо, Көйкөл! Мен мындамын.

Алар алачыкка кайтып келди. Алачыктан Айкөл чыкты. Көйкөл аны кучактады.

– Сен добулдан коркпо. Мен келдим. Койлор да короодо, – деди Көйкөл.

# Йогурт




Йогурт – айрандын бир түрү.

Йогурт даамдуу. Йогурт балдарга ылайык.






Йогурттун түсү мала,
сары, ак.

Йогурттун курамында
кулпунай, карагат,
банан, кант болот.



Йогурт ден соолукка пайдалуу.

– Йо-йо-йо! Йогурт кандай таттуу!

# Сары май



Сары май, сары май,
Ден соолукка дары май.
Сүт, айрандан алынган,
Сары майдын даамы ай!



Сары май, сары май,
Ууртта эриген жагын айт!
Ысык, таттуу нан менен,
Жеди аны Сарыбай.



Кэде алынат сары май,
Тарткан майлуу каймактан.
Кэде алынат сары май,
Суулуу аппак айрандан.



Сары май, сары май,
Аны салса карынга,
Туздап, кээде эритип,
Апам атайт карын май.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли